Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын № 17 отурумунун

# ТОКТОМУ

Катышуучулар: 10

Баткен шаары

Каралуучу маселе:

30.03.2021-жыл

1."Жалпы иш" коомдук фондунун Баткен облусу боюнча регионалдык координатору Д.Т. Джусубалиеванын кайрылуусун карап чыгуу.

Угулду:

Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын торайымы М.Жапарова чыгып "Жалпы иш" коомдук фондунун Баткен облусу боюнча регионалдык координатору Д.Т. Джусубалиеванын кайрылуусу менен катышуучуларды тааныштырды,жана төмөнкү маалыматтарды кошумчалады.

2021-жылдын 11-апрелинде Кыргыз Республикасынын жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо куну болуп эсептелип, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБОго ылайык, шайлоого аттанган саясий партиялар Баткен шаарында үгүт материалдары камтылган банерлерди илген. Азыркы учурда катталган 9 партия өздөрүнүн үгүт иштерин жүргүзүшүүдө.

2021-жылдын 27-мартында келип тушкон кайрылуу боюнча Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясы маселени карап чыгып; Баткен шаарынын борборундагы үгүт иштери камтылган "ЖАНЫ ДООР" саясий партиясынын банериндеги талапкерлердин сүрөттөрүнүн ичинен Бекболот Нажимидиновдун башынын сүрөтүн кыркып алып салгандыгы боюнча маалымат келип тушкон. Бул боюнча Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын жумушчу тобу карап чыкты жана "ЖАНЫ ДООР" саясий партиясынын штабына билдирди.

"ЖАНЫ ДООР" саясий партиясынын Баткен шаарындагы өкүлү Каразаков Жунустун жана сүрөтү кыркылган Бекболот Нажимидиновдун бул боюнча эч бир партияга жана жарандарга арыз доолору жок экенин тастыктап, билдирүүнү Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясына беришти.

Жарыш сөзгө Т. Акматов чыгып, эгерде Б. Нажимидинов жана Ж. Каразаковдун эч бир саясий партияга жана жарандарга күмөнүм жок деп билдирүү берип жатса анда Партияларга кайрылуу иретинде банерлерди жыртпоо боюнча эскертип койсок.

А. Абдуллаев жарыш сөзгө чыгып төмөнкүлөрдү белгиледи; Мындан ары дагы ушундай иштер кайталанып, бирок жабырлануучулар тосмо арыз жазбаса анда укук коргоо органдарына кайрылууга туура келет деди.

Жогорудагыларды угуп отурум томонкудой

**Токтом кылат**

1."Жаны Доор" саясий партиясынын угут иши камтылган банерлеринин айрылышында (кыркылгандыгы) боюнча "ЖАНЫ ДООР" саясий партиясынын Баткен шаарындагы өкүлү Каразаков Жунустун жана Бекболот Нажимидиновдун эчкандай эч кимге арыз доолору жок экендиги белгиленсин.

2.Эгерде дагы мына ушундай мыйзам бузуулар болсо анда укук коргоо органдарына билдирүү жагы белгиленсин.

3.Үгүт ишин мыйзамдын негизинде жүргүзүү жагы ар бир саясий партиянын координаторуна милдеттендирилсин.

4.Ушул токтомду контролдоо жагы Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы М. Гапаровго жүктөлсүн.

**Баткен аймактык шаардык**
**Шайлоо комиссиясынын торайымы:** **М.Жапарова.**

**Катчы:** **М.Гапаров.**